Кыргыз тили жана адабияты мугалими

# Абдысаитова Динара Айдаралиевнанын

өз билимин өркүндөтүү темасынын негизинде түзүлгөн жылдык планы жана отчёту

2018-2019-окуу жылы

2019-2020- окуу жылы

2020-2021- окуу жылы

Бекитемин
Мамлекеттик тил боюнча
директордун орун басары
_____ Жумадылова А.С.
«10» сентябрь 2018- жыл

**2018-2019-окуу жылына карата кыргыз тили жана адабияты мугалими Абдыкаимова Динара Айдаралиевнанын өз билимин өркүндөтүү боюнча "Тилди туюшунда жазуу билиш чеберчилигин үйрөтүү аркылуу окуучулардын жөндөмдүүлүгүн арттыруу" аттуу усулдук теманын үстүндө иш алып баруусунун иш планы**

| № | Иштин мазмуну | Мөөнөтү | Жыйынтыгы |
|---|---|---|---|
| 1 | Теманын негизинде план түзүү | Август | Өздүк билимин өркүндөтүү максатында алынган теманын үстүндө план түзүү, айларга бөлүштүрүү |
| 2 | Кыргыз тилин окутуудагы өзгөчөлүктөр. | Сентябрь | Коммуникативдик окуу менен тааныштырууга жана коммуникативдик мамилеге окуучуларды көнүктүрүү |
| 3 | Сабактын этаптары | Октябрь | Жаңы теманы окутууну пландаштыруу. Окуучуларды сабактын этаптарына көнүктүрүү. |
| 4 | Оозеки кептин пайдасы | Ноябрь | Окуучулардын оозеки жооп берүүсүнө көңүл буруу. Сүйлөөгө багыттоо |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 5 | Баалоонун түрлөрү. Калыптандыруучу баалоо | Декабрь | Окуучуларга баалоонун түрлөрү менен тааныштыруу. Упай топтоо, бири-биринин баалоого көнүктүрүп үйрөтүү |
| 6 | Өз билимин баалоо критерийлер менен баалоо. | Январь | Критерийге таянып өзүн-өзү текшерүүгө баштоо. |
| 7 | Кордоолдук тапшырмалар. Таяныч сөздөр менен иштөө | Февраль | Жаңы сөздөрдү өздөштүрүүгө шарт түзүү. Суроо-жооп |
| 8 | Кордоолдук тапшырмалар. | Март | Окуучуларга кордоолдук тапшырмаларды берүү. Ар түрдүү нускаама көнүктүрүү, кордоолгон чоң аракетине үйрөтүү |
| 9 | Кайталоо. Эске салуу. | Апрель | Өтүлгөн темалардагы кайталоо менен бирге окуучулардагы көндөйлүүлүгүн байкоо. |
| 10 | Жылдык жыйынтык. | Май | Отчёт (доклад) анализдерди даярдоо. Жаңы окуу планын түзүү |

## ***2018-2019-окуу жылында өз билимин өркүндөтүү темалын негизинде жылдык планга отчёт, анализ***

Мугалим окуучуларды билим жана билгичтиктерге ээ кылуу үчүн окуу прцессин ойдогудай уюштурууга милдеттүү.
Бул милдетти аркалоо үчүн кандай ишмердүүлүктүн кантип өздөштүрүлөрү, буга байланыштуу иш-чаралардын кантип аткарылары алдын ала пландалышы керек. Демек, максатка жетүүнүн бирден бир бөлүгү пландаштыруу.

Мугалим өз билимин өркүндөтүү темаларынын үстүндө иштөөдө мурун план түзүүсү жана аны айларга бөлүштүрүүсү абзел .

Менин тандаган темам***: «Тилди турмушта колдоно билүү чеберчилигин үйрөтүү аркылуу окуучулардын жөндөмдүүлүгүн арттыруу»*** Бүгүнкү күндө окуучулардын чыгармачылыгын креативдүүлүгүн өстүрүүдө коммуникативдүү ыкмаларды колдонуу керектигин ар бир педагог билет. Коммуникативдик деген сөздү чечмелөө менен бирге сабак учурунда окуучуларды көнүктүрүү бул менин экинчи баскычым. Себеби окуучу алган билимин турмушта колдоно алса, ал- менин жемишим.
3-б жана 4-г класстарына кыргыз тили сабагында ар түрдүү ыкмаларды колдонууга аракеттенемин. Башка тилдүү окуучулар менен кыргыз тилдүү окуучулардын ортосундагы мамиле, түшүнүк туура багытта болуусуна шарт түзүү, багыт берүү менин милдетим.

Жаңы теманы өтүүнү пландаштыруу Сабактын башталыш этабын кээде уюштуруу маменти деп аталат.Сабакты жугумдуу, узүрлүү болушу белгилүү өлчөмдө анын кандайча башталышына байланыштуу.Бул этаптын дидактикалык максаты: окуучуларды сабакка активдүү эмгектенүүгө даярдоо. Менин тажрыйбамда окуучулар бири-бирине жакшы маанай тартуулоо менен сабак башталат. Бул да болсо, сабактын максатына жетүүнүн бир тепкичи. Этаптын дидактикалык максатынын орундалышын мугалимдин ишенимдүү багытталышынан, талаптуулугунан, жыйнактуулугунан, окуучулардын сабкка көнүлдүүлүгүнөн, алардын токтоосун окуу ишине өтүүгө аракеттенүүлүгүнөн көрүүгө болот. Ошондуктан окуучуларды сабактын этаптарына

көнүктүрүү керек.

Окуучулардын сабак учурунда жооп берүүсүнө, сүйлөөсүнө , айтып жаткан сөздөрүн маанилерине түшүнүү керектигине көңүл буруу ар бир мугалимге түшүнүктүү көрүнүш.
Орус класстарындагы мындай багытта таяныч сөздөрдү колдонуу абзел.Орус тилдүү балдарга бул чоң жардам жана эң жакшы шарт.

Окуучулардын теманы өздөштүрүүсүн берилген тапшырмаларды аткаруудан билебиз. Ар бир баланын кабыл алуусу ар башка болгондуктан. Теманы өздөштүрүүсү да бирдей эмес. Окуучулардын берген жоопторуна , аткарган тапшырмаларына баа коюларын, жыйынтык чыгарыларын мугалим карап чыгат. Ар бир берилген тапшырмаларды баалоодо түрдүү ыкмаларды, методдорду колдонушат. Баалоонун түрлөрүн колдонуу жакшы жыйынтык берет. Ошондутан көптөгөн учурда упай топтоого, бирин-бири баалоого басым коюлат. Себеби окуучу лар бирин-бири текшерүү менен бирге өзү да үйрөнөт.

Жазууу иштеринде критерийлерге басым койгонго аракеттенем. Окуучулар критейрийлерди карап чыгуу менен бирге ката кетирбөөгө аракеттенишет.

Окуучулага кырдаалдык тапшырмаларды берүү .окуучуларды алган сабактарын, турмушта колдоно билүүгө көнүктүрүү.Ар түрдүү кырдаалдардан чыгууга аракеттенишет,үйрөнүшөт.
Өтүлгөн темаларды кайталоо менен окуучулардын жөндөмдүүлүгүн текшерүү жана баалоо- менин максаттарым.

Кыргыз тили жана адабияты мугалими : Абдысаитова Д.А.

Усулдук бирикменин
жыйынында каралды
№ 1 Протокол
« 29 » август 2019- жыл

Макулдашылды:
Мамлекеттик тил боюнча
директордун орун басары
___ Жумадылова А.С.
« 5 » сентябрь 2019- жыл

***2019-2020-окуу жылына карата кыргыз тили жана адабияты мугалими***
***Абдысаматова Дилора Айдаралиевнанын өз билимин өркүндөтүү боюнча***
***"Тилди туура колдоно билүү чеберчилигин үйрөтүү аркылуу окуучулардын жөндөмдүүлүгүн арттыруу"***
***усулдук теманын үстүндө иш алып баруусунун иш планы***

| № | Иштин мазмуну | Мөөнөтү | Жыйынтыгы |
|---|---|---|---|
| 1 | Жай ичинде аткаруу иштеринин планын түзүү | Август | Жаңы окуу жылында аткарылуучу иштерди айларга бөлүштүрүү. |
| 2 | Окутуу ишин уюштуруу | Сентябрь | Сабакты уюштура билүүгө көңүл буруу жана үйрөтүү. |
| 3 | Сабактын этаптарына коюлуучу талаптар | Октябрь | Сабак өтүүдө этаптардын талаптарына көңүл буруу. Ишке ашыруу |
| 4 | Сабактардын максаттарынын маани-маңызы | Ноябрь | Коюлган максаттардан качан гана жетүүгө орой болгон баскычтарына көңүл буруу. Колдонуу. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 5 | Этнопедагогиканы өнүктүрүү | Декабрь | Ата-бабалардан калган накыл сөздөрдүн өзгөчөлүгүн даярдоо. |
| 6 | Баалоонун диагностикалык түрү | Январь | Баалоонун диагностикалык түрүнүн айырмасы. Окуучулардын көз карашы. |
| 7 | Жарым сөз окмасы. | Февраль | Кыргыз адабияты сабактарында окуучулардын талант-тартибине (чыгарма боюнча) басым коюу. |
| 8 | Окуучулардын креатив дүйнөсүн өстүрүү | Март | Окуучулардын алган билимин чыгармачылык менен көрсөтүүсүнө баа берүү, тарбиялоо. |
| 9 | Эске салуу, кайталоо | Апрель | Өтүлгөн темаларды эске салуу, окуучулардагы көндүмдөрдү байкоо |
| 10 | Жылдык корутунду | Май | Отчет, анализдерди даярдоо. |

## *2019-2020- окуу жылындагы билимин өркүндөтүү теманын негизинде жылдык планга отчет, анализ*

Жаңы окуу жылынын жаңы максаттар менен баштоо керек.Бул да болсо ийгиликке бир кадам. 2019-2020- окуу жылын жаңы план, жаңы максаттар менен баштадым.
Ар бир аткарылуучу иштерди уюштура билүү -бул өнөр, тажрыйба. Бул окуу жылына бекитилген пландарды аткарууда башкы ишти уюштуруу керектигин билүү менен туура багытты тандап, өз билимимди өнүктүрүүгө, өстүрүүгө чоң максаттарды койдум. Ишке ашыруу үчүн бар күчүмдү, бар тажрыйбамды жумшаймын деген ойдомун.
2019-2020-окуу жылында жылдык планыма бекитилген максаттардын биринчиси сабактын этаптарына коюлуучу талаптар.Күнүмдүк сабактын планын түзүү, уюштуруу аркылуу окутуунун ар бир баскычында окуучулардын жаш курактык, жеке өзгөчөлүктөрүнө ылайык , билим берүү шарттарын эске алуу менен бардык деңгээлдеги компетенттүүлүктөргө ээ болушун, аны ишке ашыруунун бир канча баскычтарын шарттайт
а) окуучуларды сабактын темасы менен тааныштыруу
б)тема боюнча окуучулардын билимдерин активдештирүү
в) окуучуларга сабактын максаттарын, күтүлүүчү натыйжыларын тааныштыруу .

Сабактын максаттарынын маани-маңызы. Коюлган максаттардан жакын жана жетишүүгө оңой болгон баскычтарына көңүл буруу керектиги айтылып жүрөт.Максаттарды коюуда окуучулардын деңгээлин, өздөштүрүүсүнө көңүл буруу керек. Себеби практика жүзүндө 5-в,5-д,5-е- класстарында окуган окуучулардын жаш курактары бирдей болгону менен теманы кабыл алуусу, көнүгүүлөрдү иштөөсү ар башка экенин өз практикамда көрдүм. Ошондуктан ар сабагыма максат койгондо, класстардын денгээлин эске алдым жана максаттарыма жеттим. Этнопедагогикалык өзгөчөлүк. Ата-бабаларыбыздан калган накыл

сөздөрдүн өзгөчөлүгүн даңазалоо максатында . Адабият сабагында макал-лакаптарды туура колдонуу керектигин. Ар бир айтыла турган ойлорго дал келген учкул сөздөрдү жаттоого, эске салууга окуучуларды үндөп үйрөттүм.

Баалоонун диагностикалык түрү. Кандай жумуш болбосун ар бир иштин баштоодо эмнеден баштоо керек, кантип баштоо керек деген ойлор ар бир адамга келет. Окуу жылынын башында 3-11-класстарынан диагностикалык билим сапаты текшерилет. Тапшырмалар бааланганда кийин, кайсы теманы окуучулар каникул учурунда унутуп калганын же кайсы темада кайталоо керектиги ачык көрүнөт.Ошондо гана мугалим үчүн билимм берүү, окуучуларды үйрөтүү оңой болот.

Окуучулардын креативдүүлүгүн өстүрүү. Окуучулардын алган билимдерин чыгармачылык менен көсөтүүсү, багыт берүү, тарбиялоо мугалимдин милдети.Адабият сабагынан көркөм чыгармаларды бышыктоодо окуучуларга кызыктуу оюндарды, сабактын ар түрдүү формаларын өтүү керек. Эгерде сабактын типтери, формалары ар башка болсо, окуучу сабакка болгон кызыгуусун арттырат. Жоопкерчиликтүү мамиле жасайт. Жылдык планды аткарууда кыйынчылыктар туудурду. Кырдаалга байланыштуу аралыктан окутуу бизди бир аз ойлондурду.

Мугалим : Абдысаитова Д.А.

Усулдук бирикменин
жыйынында каралды
№ 1. Протокол
28-август 2021

МАКУЛДАШЫЛДЫ
Мамлекеттик тил боюнча
директордун орун басары
_______ Жумадылова А.С.
__________________2021

**2020-2021-окуу жылына карата кыргыз тили жана адабияты мугалими Абдыкаимова Динара Айдаралиевнанын өз билимин өркүндөтүү боюнча “Тилди турмушта колдоно билүү, чеберчилигин үйрөтүү аркылуу окуучулардын жөндөмдүүлүгүн арттыруу” усулдук теманын үстүндө иш алып баруусунун иш планы**

| № | Иштин мазмуну | Мөөнөтү | Жыйынтыгы |
|---|---|---|---|
| 1 | Жыл ичинде аткарылуучу иштерге план түзүү | Август | Коюлган максаттарга жетүү үчүн план керек. Жыл башында жаңы окуу жылына план түзүлүп, максаттар коюлду |
| 2 | Окутуунун ишин уюштуруу | Сентябрь | Календардык, тематикалык пландарды даярдоо, бекиттирүү. Жумалык жүктөмөлөрдү тактоо. |
| 3 | Окуу ишинин уюштуруу режими. негизги - формасы. | Октябрь | Ар бир предметтин мугалими программаны айкын туруктуу расписание боюнча туруктуу курамдагы окуучулар тобу менен белгилүү убакыт аралыгында уюштурулган окуу иши. |
| 4 | Сабактын типтери жана алардын структуралары. | Ноябрь | Сабактын курамдык бөлүктөрү ар түрдүү, окуу материалдарына жараша, окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө жараша болот. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 5 | Окуу теориясы менен практикасынын байланышы | **Декабрь** | Теория менен практиканын байланышы дидактикалык принциптеринин бири. Азыркы учурда коюлуучу адам билимин турмушта колдоно алабашат. |
| 6 | Окутуу методу | **Январь** | Сабактын натыйжасы окутуу методдору аркылуу камсыз кылат. Сабактын максатына жетүүсү методдорго карайлаш. |
| 7 | Айтып берүү методу | **Февраль** | Айтып берүү - колдонулган окутуу ыкмасынзы жана монологдук методу. Бул методдун артыкчылыгы бар. Билген маалыматты зарыл балдарга айтып беришинде. маалымат |
| 8 | Мектеп лекциясы. | **Март** | Окутуунун ыкмасы мазмундуу окуу материалдарын практикалык баяндап, түшүндүрүп берүү. |
| 9 | Теке салуу кайталоо | **Апрель** | Өтүлгөн темалар боюнча кайталоо. Маалыматтарды чогултуу, таптоо. |
| 10 | Жылдык жыйынтык. | **Май** | Отчет. анализ даярдоо. Жаңы окуу жылына план түзүү |

# *2020-2021- окуу жылындагы өз билимин өркүндөтүү теманын негизинде жылдык планга отчет, анализ*

Ар бир жаңы окуу жылынын башында жылдык пландар түзүлүп, максаттар коюлат. Ал максаттарды ишке ашыруу үчүн көптөгөн күчтөр жумшалат. Бул да болсо астына карап жылуунун, жетишүүнүн, өнүгүүнүн кадамдары.
2020-2021-окуу жылындагы өз билимин өркүндөтүү теманын негизинде бекитилген пландар чоң максаттар менен коюлган. Мектеп жашоосунда окуу иштерини уюштуруу негизги маселе экенин билебиз.Окуу ишин уюштуруунун негизги формасы катары белгилүү программага ылайык, туруктуу расписания боюнча, таанымдык тажрыйбасы жана курагы жагынан кескин айырмаланбаган, курамы туруктуу окуучулар тобу менен белгилүү убакыт алкагында уюштурулган окуу ишинин формасы.
Сабак балдардын билимин , билгичтик көндүмдөрүн системасына ээ кылуу, өздөштүргөн билимин иш жүзүндө колдоно билүүгө үйрөтүү, таанымдык дараметин, чыгармачылык жөндөм-шыктарын өстүрүү, инсандык касиеттерин калыптандыруу үчүн ар тараптуу мүмкүнчүлүктөргө ээ.Ошондуктан сабак баштоодон алдың, жаңы теманы баштоодо окуучуларды уюштура билүү керек.

Сабактан типтери жана алардын структуралары.Ар кандай сабак билим, билгичтиктерди көндүмдөрдү өздөштүрүү процессинин баскычтарына ылайык , мугалим менен окуучунун ишмердүүлүгү аркылуу мүнөздөлүүчү курамдык бөлүктөрдөн турат.Сабактын курамдык бөлүктөрү жөнөкөй жана татаал болушу мүмкүн. Ал көбүнесе окуу материалдарынын мазмунуна, окутуунун максатына,окуучулардын курамдык өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу болот.Ар бир сабактын темасына жараша типтерин жана стуктурасын өздөштүрүү керектигин баса белгилегим келет.Сабактарда практика жүзүндо окуучуларды тажатпоо үчүн сабактын тибин, методун өзгөртүп турамын. Ошондо гана окуучулардын сабакка болгон кызыгуусу артылат.

Окуу теориясы менен практикасынын байланышы. Теория менен практиканын байланышы дидактикалык принциптеринин бири. Теория менен практиканын ортосундагы ажырым- азыркы учурда окуу прцессинин негизги кемчиликтеринин бири. Окуучу программалык материалдарды билгени менен аны колдонуу боюнча билгичтиги калыптанбай калып жатат. Мындай абал бардык предметтик сабактарда кездешет. Мисалы : кыргыз тилиде жазуу эрежелерин билишет , бирок жат жазууда же жазуу иштеринде каталарды кетиришет.Бул көрүнүштү акырындык менен жокко чыгаруу үчүн жазуу иштеринде эрежелерди кайталоо.

Окутуу методу.Учурда окуу процессинде колдонулган көп сандаган окутуу методдору бар. Алардын кайсыларын канча колдонуу керек?Ар бир мугалимдин сабактагы колдонгон ыкмасына жараша тандап колдонуу керектигин билишет.Мисалы: Айтып берүү- мектепте эң көп колдонулган окутуу ишинин эң эски монолоктук методу.Мындай кыска убакыттын ичинде көп материалдарды түшүндүрүү мүмкүнчүлүгү түзүлөт.Мында олутуу методдорун колдонуучу катары темага байланыштуу билимди сабакка жандуу катыша албай турган окуучуларга жеткирүүнү ишке ашырса болот.

Мектеп лекциясы- Олуттуу илимий мазмундагы окуу материалдарын ырааттуу баяндап, түшүндүр берүү методу катары кеңири берилген.Мектептеги оозеки сабактарда колдонулуп жүргөн ыкма катары окуучулар билишет.Адабият сабагын акы-жазуучулардын өмүр баянын өтүүдө колдонулууда.

Мугалим : Абдысаитова Д.А.